**УДК 070.11**

**АЛДАШОВА Г.М., КАДЫРДИН КЫЗЫ МУНАРА**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек

**ALDASHOVA G.M., KADYRDIN KYZY MUNARA**
J. Balasagyn KNU, Bishkek

# ЖУРНАЛИСТТИК КЕСИПТИК ЭТИКАСЫНЫН ТАРЫХЫ

История журналисткой профессиональной этики

The history of professional ethics journalism

Макалада журналистик кесиптин этикалык нормалары, бул нормалардын калыптаныш тарыхына саресеп салынды. Журналистик этиканын өзгөчөлүктөрү тууралуу маселелер анализге алынды. Жалпы этика жана чеберчилик этиканын айрмачылыктарына түшүндүрмө берилди.

**Урунттуу сөздөр**: кесип, этика, адис, кесиптештер, норма, мораль, ишмердүүлүк

В статье рассмотрены нормы профессиональной этики, а также история становления этих норм. Анализируются проблемы и особенности журналистской этики. Дано объяснение и определение профессиональной этики и общей этики.

**Ключевые слова**: профессия, этика, специалист, коллеги, норма, мораль

The article discusses the norms of professional ethics, as well as the history of the formation of these norms. the problems of the peculiarity of journalistic ethics are analyzed.

**Keywords:** profession, ethics, specialist, colleagues, norm, moral

Кесиптик этика тууралуу жазаардан мурда кесип жана этика түшүнүктөрү тууралуу маалымат берүү зарыл. Алгач кесип түшүнүгүнө токтолсок.

Кесип- иштин системасы жана топтомуна кирген адистештирилген жана институционалдык ишмердүүлүк. Кесип-эмгектин коомдук жана техникалык бөлүнүшүндө бир бүтүндүк катары эсептелет. Ал көп убакытка чейин адамдын адистештирилген жөндөмүнө(билими, илими) жараша аткарылат жана адамдын жашоосуна киреше алып келе турган булак. Кесип түшүнүгүнө жогорудагыдай аныктаманы Белград университетинин профессору Д.Ж.Маркович берген.

Этика тууралуу окумуштуулардын айткан аныктамалары өтө эле көп. Алардын арасынан төмөндөгү аныктама этика тууралуу жалпы түшүнүк берет.

“Этика” түшүнүгүн биздин доорго чейинки IV кылымда Аристотель киргизген. Анын “Никомахов этикасы” жана “Евдемов этикасы” деген эмгектеринде этика термини биринчи жолу колдонулган. Грек тилинен которгондо “дисциплина” дегенди билдирет.

Мораль тууралуу илим. “Мораль” деген термин маңызы жана келип чыгуу тарыхы боюнча “этика” терминин латынча аналогу. Адамдардын мүнөзүнө тиешелүү сапаттардын классын билдирген түшүнүк жана коомдо бири-бирибиз менен болгон мамилелердин норма жана эрежелерин изилдейт.

Кесип жана этика түшүнүктөрүн бир бүтүндүк катары карап көрсөк, кесиптик этика деген дагы бир маанилүү сөз айкашы келип чыгат.

Кесиптик этика – адамдын ишмердүүлүгүндөгү башкалар менен болгон мамилелерди жана кесиптик ишин аткаруудагы жоопкерчиликтерин жөнгө салып туруучу нравалык нормалардын жыйындысы.

Кесиптик этиканын предметтерине төмөнкүлөр кирет:

- Кесиптик милдетин аткаруудагы адистин жеке сапаттары;
- Адистердин объект\субъекттер менен болгон(дарыгер-оорулуу, окутуучу-студент, журналист-рецедент) өз ара моралдык мамилеси;
- Уюмдун коом менен болгон өз ара мамилеси;
- Коллективдеги адамдардын жана алар жүргүзгөн нормалардын өз ара мамилеси;
- Билим берүүнүн жана тарбиялоонун ыкмалары жана максаты.

Этиканын негизин жүрүм-турум эрежелери, адамдардын ортосундагы калыптанган белгилүү моралдык мамилелер, кесиптик этикалык кодекстеги милдеттемелер, тапшырмаларды так, туура аткаруу эрежелери түзөт. Эмгек чөйрөсүндө адеп-ахлактык мамилелер өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- эмгек ишмердүүлүгүндө мотив жана максаттарды белгилөө
- мерчемделген максаттардын ишке ашырылуусундагы нормаларды аныктоо
- эмгекти жана анын коомдогу ордун баалоо (Подопригора 2012, 19) Этиканын өзгөчөлүктөрү 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Сүрөт 1. Этиканын өзгөчөлүктөрү

Ишкердик этикасынын универсалдуу принциптеринин болушуна карабастан, эмгек этикасы ачык байкалган белгилүү багыттагы өзгөчөлүктөргө ээ.

Ар бир кесип ээлери сактай турган эрежелер, алардын этика кодексинде белгиленген. Демек, этика кодекси ар бир кесип ээлеринин этиканы сактоосун жөнгө салат жана алардын чектен ашып кызмат абалынан пайдалануусуна жол бербейт.

Журналисттик кесиптик этика тууралуу документти же кесиптик этикалык кодексти мамлекеттик орган же башка уюмдар кабыл алууну сунуш кылышпайт. Ар бир өлкөнүн журналисттери өз каалоолору, ишенимдери менен кабыл алышат. Журналисттин кесиптик этикалык кодексин-“абийир документи” деп атап коюшат.

Алгачкы журналисттик кесиптик этикалык кодекстер катары АКШда 1890-жылы, Галичсияда 1896-жылы жана 1900-жылы Швецияда кабыл алынган нормативдик документтер эсептелет. Бирок, бул кодекстер кеңири жайылтылган эмес. Ошондуктан аларды таасирдүү документ катары кароо негизсиз болгон.

1910-жылы Америкада Канзас редакторлорунун ассоциациясы өзүнүн кесиптик кодексин кабыл алган. Мына ошол кесиптик кодекс бүгүнкү күндөгү түшүнүккө ылайык келген журналисттик кесиптик этиканын алгачкы үлгүсү катары тарыхта орун алат.

Мындан тышкары,1912-жылы Америкада “Сан-луис глоуб демократ” гезитинин редактору Каспер америкалык гезиттердин редакторлугунун этикалык принциптерине негизделген уюмун түзөт. Каспер мындай демилгеси менен басма сөз жоопкерчилигинин азыркы концепциясынын негиз салуучусу, баштоочусу катары тарыхта калды. Америкалык редакторлордун уюмунун кодексинде журналисттин көз каранды эместиги эң башкы принцип болуп коюлган: “Көз карандысыздык: коомдук милдеттен башка бардык милдеттерден эркин болуу биз үчүн өтө маанилүү”, “чындыктан тайып тараптардын бирин колдоо америкалык журналисттердин беделине шек келтирет, кесиптин негизги принциптерине доо кетирет”,-деп айтылат аталган кодексте.

Ал эми айрым орус булактарына караганымда алгачкы этикалык кодексти окумуштуу Михаил Ломоносов жазып калтырган дегенмаалыматтар бар. Ал этикалык кодекстин үлгүсүн 1748-1752-жылдар аралыгында “Ведомости” гезитинде редактор болуп иштеп турганда жазган. Кодексте журналист чыгармачылык ишмердүүлүгүндө адилеттүүлүктү, калыстыкты сактап, чындыкты гана жазуу керектигин белгилеген. Ошондой эле орус адабиятынын теориясынын түзүүчүсү, адабий сынчы В.Г. Белинский журналисттердин этикалык кодексинин принциптерин, котегорияларын илимий негизде жазып чыккан. Ошондой эле Европадагы биринчи чоң кодекс “Милдет хартиясы” («Charte de devoir») деген ат менен улуттук журналисттер союзу тарабынанФранцияда 1918-жылы кабыл алынган. Ошол убакта журналисттердин эл аралык жолугушуулары өтүп жаткан эле. 1912-жылы Гонолуда өткөн дагы бир жолугушууда америкалык журналист Джеймс Браун түзүп чыккан журналисттердин эл аралык жүрүм-турум эрежелерин кабыл алууну сунуштаган. Бирок, журналисттик коомчулук аны кабыл алуудан баш тарткан.Анткен менен бул идея дүйнө жүзүндө улуттук кодекстерди кабыл алууга түрткү болгон. Конференцияда айтылган пикирлердин таасиринин астында Швеция, Бразилия, Финландия сыяктуу көптөгөн өлкөлөрдө журналисттердин ишине байланышкан улуттук кодекстер жазыла баштаган.

1923-жылы Американын улуттук этикалык кодекси “Каноны журнализма” деген ат менен Американын коомдук гезиттеринин редакторлору тарабынан кабыл алынган. Биринчи эл аралык журналисттик кесиптик этикалык кодекс катары 1926-жылы Прессанын америка аралык ассоциациясы (InterAmerican Press Association) кабыл алган документти айтсак болот. Анда 1936-жылы Улуттар лигасы Женевада “ЖМКны тынчтык үчүн колдонуу” («International convention concerning the use of broadcasting in the cause of peace») тууралуу эл аралык конвенция кабыл алган.

1939-жылы азыркы күндө да ишин улантып жаткан эл аралык журналисттер федерациясы (IFJ) өзүнүн кесиптик этикалык кодексин жарыялаган. Окумуштуу Авраамовдун

жазгандарына таянсак, алгачкы кодекстер жалпы адамдарга тиешелүү моралдык нормалардан чыкпоону талап кылган: чындыкты жаз, адамдын намысын жана абийирин сыйла, эч кимден эч кандай буйрук алба, каталарды оңдо, калыс бол ж.б. Аталган кодекстердин авторлору либертариан идеяларынын таасиринин астында болгон. Алар Дж.Ст.Миллдин, Дж. Мильтондун жана Т. Джефферсондун эмгектерин үлгү катары тутушкан.

Экинчи дүйнөлүк согуш журналисттик этикалык кодекстердин өнүгүүсүн жаайлаткан. Бирок, согуш бүтөөрү менен кайрадан дүйнөдөгү көпчүлүк өлкөлөрдө жанданып, жаңы дем менен эл аралык кодекс тууралуу сөздөр айтыла баштаган. 1946-жылы СССРдин эгидасы менен кесиптик этикадагы маселелерди талдоону күчөтүү үчүн журналисттердин эл аралык организациясы (МОЖ) түзүлгөн. БУУнун пайда болушу менен журналисттердин эл аралык кодекси жазылган. Ал 1950-жылы 500дөн ашуун журналисттик уюмдарга жиберилген. Бирок, журналисттер бул кодекси кабыл алышкан эмес. Алар БУУнун мүчөлүгүндө болгон мамлекеттер бул кодекстин жардамы менен прессаны манипуляция кылат деп ойлошкон.

Журналисттик этиканын өнүгүү тенденциясы экинчи эл аралык конгрессте башталган. Бордо деген жерде журналисттердин эл аралык федерациясы тарабынан “журналисттин жүрүм-турум принциптеринин декларациясы” («Declaration of principles on the conduct of journalists») кабыл алынган. Бирок, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы каршылашуу орток бир эл аралык пикирге келүүгө тоскоол болуп турган. Анын негизинде буга чейинки конференцияларда кабыл алынган айрым чечимдер токтотулган (заморожены).

Журналисттик кесиптик этикага болгон кызыгуу этабы 1970-жылдары кайрадан жанданган. Бул этаптын жанданышына Американын Вьетнамга карата жасаган согуштук аракеттерине Батыштагы 1960-жылдары уюштурулган каршылык акциялары себеп болгон.

1971-жылы Европадагы алты мамлекеттин журналисттик уюмдары тарабынан “Мюнхен” декларациясы кабыл алынган. Анда журналисттин сын-пикир айтуу укугу, журналисттик кесип менен пропогандистти айырмалоо жана маалымат алуу үчүн калп айтуу өңдүү ыкмаларды колдонбоо тууралуу жазылган.

1973-жылы ЮНЕСКО “ЖМКнын жана журналисттин кесиптик этикалык принциптери” деген эл аралык жолугушуу уюштурган. 1978-жылы аталган уюм “ЖМКнын тынчтыкты орнотууга, эл аралык мамилелерди чыңдоого, адам укуктарын коргоого жана расизмге, согушка каршы декларациясын” кабыл алган. ЮНЕСКОнун жетекчилиги менен кийинки жылдары бир топ эл аралык журналисттик уюмдардын катышуусу менен бир катар жолугушуулар болгон: Журналисттердин эл аралык уюму (JOI), Журналисттердин эл аралык федерациясы (IFJ), Прессанын эл аралык католик союзу (UCIP) ж.б.

1983-жылы Париж жана Прага шаарларында өткөн эл аралык ошондой эле аймактык журналисттик уюмдардын IV консултативдик жолугушуусунда “Журналисттин кесиптик этикалык кодексинин эл аралык принциптери” кабыл алынган. Кабыл алынган документ болгону 10 принциптен турат. Ал принциптер ушул күнгө чейин иштеп келет.

Журналисттин кесиптик этикасы тууралуу маселе 1991-жылы Персид булуңунда болгон согушту чагылдырууда кайрадан көтөрүлгөн. Бул этап ошол учурдагы СССРдин кулашы жана жаңы демократиялык мамлекеттердин пайда болушу менен коштолгон. 1990-жылдардын башында Россияда жана Чыгыш Европа менен Азияда пайда болгон өлкөлөрдө улуттук журналисттик кесиптик этиканын кодекстери жазыла баштаган.

1998-жылы Стамбулда өткөн Пресса тууралуу кеңештин эл аралык ассоциациясынын конференциясында (WAPC) глобалдык этикалык кодекс түзүү боюнча сунуштар каралган. Бирок, буга Британиянын прессага коюлган доомattарды кароо боюнча коммиссиясы (PCC) каршы чыккан жана 2000-жылы аталган эл аралык уюмдун мүчөлүгүнөн чыгып кеткен. Мүчөлүктөн чыгып кеткен коммиссиянын ою боюнча дүйнөдөгү баардык журналисттердин ишин тескей турган глобалдык кодекс бардык өлкөнүн элинин өзгөчөлүгүнө жана баалуулуктарына туура келиши мүмкүн эмес. Андыктан мындай кодекс сөз эркиндигине чектөө киргизип коюшу мүмкүн деген оюн билдирген.

Ал эми Кыргызстанда 1990-жылдардын орто ченинде ММКнын ишмердүүлүгүндөгү маселелер боюнча коомдук палата уюштурулган. Ал президенттин указы менен “ЖМКлардын ишмердүүлүгүнүн эркиндигин жана укугун коргоо” максатында түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын журналисттеринин этикалык кодекси 1997-жылы түзүлгөн. Ал төмөндөгүдөй принциптерден турган: адамдын кадыр-баркын, анын укугун жана негизги эркиндигин сыйлоо, ЖМКны кимдир бирөөнү куугунтукка алуу, жеке кызыкчылык үчүн пайдаланууга жол бербөө, кишинин репутациясын бузуучу же анын абийирине шек келтирүүчү текшерилбеген маалыматтарды таркатпоо, болуп өткөн окуяны же көрүнүштү бир гана так, тастыкталган фактылар менен берүү, текшерүүдөн өткөн фактынын негизинде маалымат берүү сыяктуу принциптер Кыргызстан журналистинин кесиптик этикалык кодексинин негизин түзөт.

Кодекс кайрадан 2007-жылы 8-декабрда журналисттердин Республикалык жыйынында журналисттин этикалык кодексин жаңыртып кабыл алган. 2009-жылдын 16-апрелинде журналисттердин республикалык конференциясында кайрадан түзөтүүлөр киргизилген. Мына ошол күндөн тарта кесиптик этиканы сактоо журналисттин ар бир жазган материалында ажырагыс милдет болуп эсептелет.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Кыргыз Республикасынын “Кыргызстан журналисттеринин кесиптик этикалык кодекси”

1997-ж.

2. “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1993-ж.

8-майы

3. “Маалыматка жетүүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1997-ж.

4. “Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1997- ж.

5. Болотбаев А. «Административдик этика» Б;2003-ж.

6. ПодопригораМ. Г. “Деловая этика”М;2012-ж.

7. Орунбеков Б. “Журналистиканын негиздери” Б;2015-ж.

8. Лазутина Г.В “Профессиональная этика журналиста” М;2011-ж.

9. НазаретянК.А “Журналистская этика” М;1997-ж

10.Жумагулов С. “Журналистикага жол” Б;2015-ж.

11.Авраамов Д.С.“Профессиональная этика журналистов”С-П-2012-ж.

12.Байчик А.В., Курышева Ю.В., Никонов С.Б. “Международные стандарты профессиональной этики журналистов” М;2003-ж.

13. https://ru.wikipedia.org 14.http://cbd.minjust.gov.kg

Рецензенттер: Азизбек уулу Бактыбек – филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти

Абдыкалыкова А.А. - филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти